**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Алмаз Кенебаевич Уркорбаевдин, анын өкүлү Болотбек Озубекович Назарбаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2016-жылдын 23-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: К. Абдиев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаев, катчы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда жаран А. К. Уркорбаевдин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2016-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына жаран А. К. Уркорбаев, анын өкүлү Б. О. Назарбаев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2001-жылдын 2-февралындагы №1-токтому Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 246-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келгендиктен, аны конституциялуу эмес деп таап берүүнү суранып, өтүнүч менен кайрылышкан.

Кайрылууга жана ага тиркелген материалдарга ылайык, жаран А. К. Уркорбаевдин үстүнөн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 247-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык кылмыш иши козголуп, тергөө иштери жүргүзүлүп, иш негизинен кароо үчүн Жалал-Абад облусунун Токтогул райондук сотуна өткөрүлгөн.

Токтогул райондук сотунун 2015-жылдын 3-сентябрындагы өкүмүнө ылайык А. К. Уркорбаев Кылмыш-жаза кодекстин 246-беренесинин 3-бөлүгү менен күнөлүү деп табылып, сегиз жылга эркининен ажыратылып; Кылмыш-жаза кодекстин 246-беренесинин негизинде үч жыл мөөнөтү чектелип, сынак мөөнөтүндө жаңы кылмыш жасабаса өкүм аткарылбасын; Токтогул районунун жазык аткаруу инспекциясынан мезгил-мезгили менен каттоодон өтүү, инспекциянын уруксаты жок жашаган жерин которбоо милдеттендирилип; бөгөт коюу чарасы өкүм күчүнө киргенден кийин өзгөртүлүп, камактан бошотулсун; өкүм күчүнө киргенден кийин бангилик зат жок кылынсын деп белгиленген.

Жалал-Абад облустук сотунун 2015-жылдын 19-октябрындагы өкүмүнө ылайык аталган райондук соттун өкүмү өзгөртүүсүз, Токтогул райондук прокуратурасынын апелляциялык сунушу канаттандыруусуз калтырылып, өкүмдүн корутунду бөлүгүндөгү «Токтогул району» деген сөз «Сокулук району» деп эсептелсин деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2016-жылдын 13-январындагы аныктамасына ылайык жогоруда аталган облустук жана райондук соттордун өкүмдөрү жокко чыгарылып, жазык иш негизинен кайра башка курамда кароо үчүн Жалал-Абад облусунун Токтогул райондук сотуна жиберилип, прокурордун көзөмөл сунушу канаattандырылган.

Кайрылуучу жана анын өкүлүнүн пикири боюнча, Жогорку сот жогоруда аталган аныктамада Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2001-жылдын 2-февралындагы №1-токтомун негиздеп, биринчи, экинчи инстанцияларда кабыл алынган сот актыларын жокко чыгарып, бул токтом менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 246-беренесинин 3-бөлүгү бири-бирине каршы келип, аларды соттук практикада колдонууда суроо жаратылат.

Жогорулардын негизинде, жаран А. К. Уркорбаев, анын өкүлү Б. О. Назарбаев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2001-жылдын 2-февралындагы №1-токтому Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза

кодексинин 246-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келгендиктен, аны конституциялуу эмес деп таап берүүнү суранышат.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья К. Абдиевдин маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Кайрылууга жана ага тиркелген материалдарга ылайык, жаран А. К. Уркорбаев, анын өкүлү Б. О. Назарбаев, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 246-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келгендиктен, аны конституциялуу эмес деп таап берүүнү суранышат.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 4, 18-беренелерине ылайык Конституциялык палата мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде ченемдик укуктук актылардын иерархиясы так көрсөтүлүп, алардын катарына Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтомдору кирбейт.

Ал эми, жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу - ишти Конституциялык палатада кароого негиз болуп эсептелет.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын

алкагынан чыга алышпайт. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтомдорун жокко чыгарууга, жалпы юрисдикциядагы соттордун актыларын текшерүүгө, аларды бузууга же сот (судьянын) актына укуктук баа берүүгө Конституциялык палатанын укугу жок.

Демек, жаран А. К. Уркорбаевдин, анын өкүлү Б. О. Назарбаевдин кайрылуусу мазмуну жана таризи боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 18, 24, 25-беренелеринин талаптарына ылайык келбейт, кайрылууда көрсөтүлгөн талаптар Конституциялык палатанын кароосуна караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшүндө кароого негиз жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран А. К. Уркорбаевдин, анын өкүлү Б. О. Назарбаевдин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Абдиев К.

Осмонова Ч. О.

Саалаев Ж. И.

№ 31-о